## Протокол №1

### Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебиндеги ата-энелер жыйналышынын көчүрмөсү

15.09.2020.

Катышкандар: 205 ата –эне

30 мугалим

**Каралуучу маселе:**

1.»Үй бүлөө жана коомчулук»

2.2019-2020 окуу жылында иштеген иштин жыйынтыгы.

3.Окуучуларды онлайн форматында окутуу тууралуу

4.Ар кандай маселелер

Жыйналыштын жүрүшү.

(Онлайн форматында өтүлдү)

Жыйналышы мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Ч.Абышова ачып,жумушчу президиумду сунуштады.

Жумушчу президиумга

1.А.А.Карагулова-мектеп директору

2.Мустапаева Ж-ата-энелер комитети

3.Кадыралиева Ф-ата-эне

4.Касиетова Г-ата-эне

5.И.С.Бозумова-китепканачы

Катчы:А.жумабаева

Мектеп директоруна сөз берилди:Регламент жана каралуучу меселе менен тааныштырып,колго салып бекитилди.

Каралуучу 1-маселебоюнча кыскача доклад окулду(тиркелет).

Каралуучу экинчи маселе боюнча төмөнкүлөр маалымдалды:

2019-202-окуу жылындаШабдан Ата мектеп жамаатында 29 мугалим эмгектенди.412 окуучу менен 20 класс комплектелди.Жыл аягында402 окуучу мектепти аяктады.Анын ичинен 157 кыз бала,205 эркек бала .Жалпы жыл ичинде 7бала келди.17 окуучу кетти.Класс жетекчилер тарабынан ата энелер менен бирдикте ай сайын жыйналыштар

# Протокол №1

## Кемин району Шабдан Ата атындагы орто мектебиндеги ата-энелер жыйналышынын көчүрмөсү

15.09.2020.

Катышкандар: 205 ата –эне

30 мугалим

**Каралуучу маселе:**

1.»Үй бүлөө жана коомчулук»

2.2019-2020 окуу жылында иштеген иштин жыйынтыгы.

3.Окуучуларды онлайн форматында окутуу тууралуу

4.Ар кандай маселелер

Жыйналыштын жүрүшү.

(Онлайн форматында өтүлдү)

Жыйналышты мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары М.Ч.Абышова ачып,жумушчу президиумду сунуштады.

Жумушчу президиумга

1.А.А.Карагулова-мектеп директору

2.Мустапаева Ж-ата-энелер комитети

3.Кадыралиева Ф-ата-эне

4.Касиетова Г-ата-эне

5.И.С.Бозумова-китепканачы

Катчы:А.жумабаева

Мектеп директоруна сөз берилди:Регламент жана каралуучу меселе менен таанышытырып,колго салып бекитилди.

Каралуучу 1-маселебоюнча кыскача доклад окулду(тиркелет).

Каралуучу экинчи маселе боюнча төмөнкүлөр маалымдалды:

2019-202-окуу жылындаШабдан Ата мектеп жамаатында 29 мугалим эмгектенди.412 окуучу менен 20 класс комплектелди.Жыл аягында402 окуучу мектепти аяктады.Анын ичинен 157 кыз бала,205 эркек бала .Жалпы жыл ичинде 7бала келди.17 окуучу кетти.Класс жетекчилер тарабынан ата энелер менен бирдикте ай сайын жыйналыштар

өтүлүп турду.Окуу жылдын аягында 30 отличник 118 ударник болду.Жалпы билим сапаты 40.8% ,жетиштүүсү 100%(отличник окуучулардын фамилиясы окулду тиркелет)

Быйылкы окуу жылында 9-классты 39 окуучу окуп бүттү.Мамбетова Камила «өзгөчө күбөлүк» алды .11-класстын 34 окуучусу ийгиликтүү аяктап ,аттестат алышты.Алардын ичинен 10 отличник 15 ударник болду.Отличник Осмонкулова Айсулуу "Алты« тамга» боюнча катышып ,берген химия предметинен «3» деген баа алып калды.Алардын ичинен 1 окуучу ЖОЖ бюджетке өттү.16 окуучу ЖОЖ контракт менен тапшырды,3 окуучу лицейге өттү.Ал эми дагы 3 окуучу ишке кирди.Улуттук армияга бир окуучу кетти.Ж.Р.Т боюнча 20 окуучу тапшырды.110 дон жогору баллды8 окуучу алды.Жогорку балл 171 болду.Жалпы орточо балл104 .

Предметтик олимпиада боюнча райондон борунга ээ болдук.Алар төмөнкүлөр:Анарбек у Бекназар математика -1 орун

Осмонкулова Афизика -1 орун

Базарбекова А кыргыз тил-1 орун

Исмаилова А англис тил -3 орун

Аманкулов А тарых- 3 орун

Макешова Р орус тил 3 орун

Мектеп окуучулар ар кандай сынактарга жоопкерчиликтүү катышып жатышты.Мектепте эки чоң иш-чара өтүлдү.Т.Усубаевдин 100 жылдык маарекесине карата 5-март Ак калпак күнүнө арналган иш чара болду.Отличник окуучуларга жыл аягында мектеп грамоталар берилди.Пандемияга байланыштуу К.Оморбаев атындагы стипендиялар окуучуларга берилген жок .Экинчи корпустун чатыры ,полу которулуп жылытуучу системалар алмаштырылып ишке киргизилди.Ал эми биринчи корпустун салынганына 51 жыл болду.Электр жарыктарын ,жылыткычтары шыбагы,полу,чатыры эскирип ,азыркы учурда капиталдык ремонт жасалыш керек болуп турат.Быйылкы окуу жылында мектептин ичи акталып сырдалып чыкты.

Суроо болсо бериңиздер.

Суроо жок.

Джумабаева Эльвира –ата эне 10 б класска китеп жетишпейт экен.Окуучулар кыйналып жатышат.Ушул боюнча кандай чара көрүлүп жатат .

Китепканачы И.С.Бозумова: Ооба китеп жетишпейт.Мен бул боюнча районго жетишпеген китептерди жазып маалымдама бердим.Китеп болуп калса эле алып келебиз.Кошумчалай кетейин 5-6-класстардын окуу китептеринин ижарасы 25 сом .Аз камсыз үй бүлөөлөрдүн балдары ижара төлөбөйт.Эгерде мектепте 3 төн ашык балдар окуса да ижаранын жарымын төлөйт.Китептин арендасын ноябрь айынын аягына чейин төлөш керек.Ата – энелер өзүлөрү барып банкка же ЭЛСОМ аркылуу төлөйт.

3-маселе боюнча угулду:

Мектеп директору А.А.Карагулова:Урматтуу ата энелер  пандемияга байланыштуу мартайынан бери дистанттык түрдө окуп жатабыз .Карантин окуучу мугалимдер үчүн да өтө оор болуп жатат.Окуучуларды үйдөн окутууга  ата энелер сиздер ,бизге чон көмө көрсөтүп  жатасыздар.Балдар биздин келечегибиз.Онлайн сабакка ар дайым катыштыргыла.Ар бир баланын коопсуздугуна сиздер жооптуу болосунар.Класс жетекчилер менен келишим түзгүлө.Мугалимдердин убагы менен сабак өтүүсүн сиздер дагы  көзөмөлгө алып, суроолоруңар болсо же сунуштарыңар болсо айтыңыздар.Биздин жааматтын мугалимдери баардык күчүн жумшап видеосабактарды даярдап жатышат.Республиканын видео сабак даярдоо боюнча сынакка эки мугалим катышып грамота менен сыйланышты.Алар башталгыч класстын мугалими А.Акматканова менен Г.Кенжегулова.Баардык окуучуларга электрондук күндөлүктүн логини ,паролдору берилди.Октябрь айынан баштап эл.күндөлүктөр менен толук кандуу иш жүргүзүлөт.Балдарыңардын билимин сабакка катышуусун ошол жактан көрө аласыздар.

Каралуучу 4-маселе боюнча суроолоруңуздар каалоолоруңуздар болсо берсеңиздер болот.

Жарыш сөз:

Г.Оторбаева-Урматтуу ата-энелер мен ушул мектептен эмгек жолумду баштап ,завуч да директор да болдум.Сиздердин жардам менен көп ийгиликтерге жетиштим.Мына эми өз оордумду бошотуп жаштар иштесин деп А.А.Карагулованы мектеп директору кылдым.Негизи ата-эне мектеп менен тыгыз байланышта болуш керек.А.А.Карагулова да сиздер менен биргелешип ,тил табышып иштеп кетет деп ишенем.

Ж.мустапаева –ата-эне А.А.Карагулова сиздин ишиңизге ийгилик,мектепти алдыга сүйрөгөн алдынкы жетекчи болушуңузга тилектешмин .Биз ата-энелер да мектеп администрациясына  ийгилик каалайбыз, ар дайым жардам берип иштөөгө көмөк ,көрсөтөбүз.Ишиңерге ийгилик.

Каралуучу 1,2,3 маселе боюнча чечим кылат.

**Чечим:**

1.Үй бүлөөдө балдарга туура тарбия берип ,жакшы окуусуна шарт тузүп берүү жагы баардык ата-энеге милдеттендирилсин.

2.Бир жылдык мектептин иштеген иштери канаатандыраарлык деп баалансын.

3.Аралыктан окулуу мезгилинде балдардын билим сапатын көтөрүү үчүн ата-эне менен мугалимдер тыгыз байланышта болуп,биргеликте иштөөсү жүктөлсүн.

4.Күзгү жумушка окуучулар  тартылбасын.Эгер өз жумушу болсо ата-эне арыз менен кайрылып 3 күнгө чейин уруксаат алсын.

**Мектеп директору:** **А.А.Карагулова**

**Катчы:** **А. Жумабаева**